**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН ФИЛОСОФИЯ ЖАНА САЯСИЙ-УКУК ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ**

**Б.И. ЕЛЬЦИН АТЫНДАГЫ
КЫРГЫЗ-РОССИЯ СЛАВЯН УНИВЕРСИТЕТИ**

**Диссертациялык кеңеш Д. 12.18.570**

*Кол жазма укугунда:*
***УДК:340.1:34.01(575.2)(04)***

**Матеева Камила Мырзабековна**

# XIX КЫЛЫМДЫН - XX КЫЛЫМДЫН БАШЫНДАГЫ КЫРГЫЗДАРДЫН АДАТ УКУГУ БОЮНЧА КАЛКТЫН УКУКТУК АБАЛЫ

12.00.01. – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө илимдердин тарыхы

юридикалык илимдер кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга дисертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек 2018**

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун Укук бөлүмүндө аткарылган.

**Илимий жетекчи:** юридикалык илимдердин доктору, профессор
**Борубашов Бекбосун Ишенбекович**

**Расмий опоненттер:** юридикалык илимдердин доктору, доцент
**Токтобаев Болот Токтомышевич**

юридикалык илимдердин кандидаты
**Исабеков Кубанычбек Сатиндиевич**

**Жетектөөчү уюм:** **Каспийлик коомдук университет,** «Адилет» жогорку укук мектеби, дареги: 050000 Алматы ш, Сейфуллин пр., 521

Коргоо Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун алдындагы юридикалык илимдердин доктору (кандидаты) илимий даражасын изденип алууга диссертацияларды коргоо боюнча Д. 12.18.570. диссертациялык кеңешинин отурумунда 2018-жылдын 31-майында саат 16.00 жана Б.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинде 720071 Бишкек ш., Чүй проспекти, 265а, диссертациялык залда болот.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасында 720071, Бишкек ш., Чүй проспекти, 265а, disserlaw.krsu.edu.kg сайтында таанышууга болот.

Автореферат 2018-жылдын 28-апрелинде таратылган.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы**
**Юридикалык илимдердин кандидаты, доцент** **Насбекова С. К.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациялык изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** Көз карандысыздыкка ээ болгондон кийин Кыргызстан эгемендүү, демократиялык, укуктук, дин мамлекеттик башкарууга кийлигишпеген, унитардык жана социалдык мамлекет түзүүгө киришти. Кыргыз Республикасынын Конституциясы 2-берененин 5-пунктунда мамлекеттик бийлик органдарында ар кайсы социалдык топтордун өкүлчүлүгүнө жана алардын кызыкчылыктарына кепилдик берет [*2010-жылдын 27-июнундагы Кыргыз Республикасынын Конституциясы (2016-жылдын 11-декабрындагы референдум менен киргизилген өзгөртүүлөрдү эске алган расмий текст [Текст]. – Б.: Академия, 2017*]. Калктын ар кайсы социалдык топторунун, балдардын, аялдардын, улгайган адамдардын, мигранттардын, жаштардын кызыкчылыктарын коргоо менен Кыргыз Республикасы мыйзамдарды кабыл алат, ошондой эле айрым социалдык топтордун укуктук абалын регламенттөөчү эл аралык келишимдердин катышуучусу болуп калат.

Бүгүнкү күндө жумушсуздуктун, ички жана тышкы миграциянын жогорку деңгээли, үй бүлөлүк зомбулуктун өсүшү, мектепке чейинки жана мектеп мекемелерине кирүүнүн проблемалары жана балдардын эмгегин мыйзамсыз пайдалануу менен коштолгон калктын социалдык-экономикалык проблемаларынын өсүшү байкалгандыгынын фактысын эске алып, бышып жетилген, ал эми региондордо бышып жетүүдөн ашып кеткен проблемаларды тез арада чечүүнүн курч зарылдыгы пайда болууда. Президент С.Ш.Жээнбековдун Жарлыгы менен 2018-жыл Кыргыз Республикасында региондорду өнүктүрүү жылы болуп жарыялангандыгы бекер эмес чыгар, анан алкагында региондордо ар тараптуу өнүктүрүүнү максат кылып койгон мыйзамдарды иштеп чыгуу жана кабыл алуу негизги милдеттердин бири болуп саналат. [*«2018-жылды региондорду өнүктүрүү жылы деп жарыялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 10-январындагы ПЖ №2 жарлыгы[Электрондук ресурс]. –*

*жетүү режими: www.online.toktom.kg*] Коюлган милдеттерди чечүү үчүн социалдык-экономикалык проблемаларды жөнгө салуунун натыйжалуу укуктук механизмдерин түзүү зарыл.

Көпчүлүк учурда эл аралык тажрыйбаны эске алуу менен кабыл алынган колдонуудагы ченемдик-укуктук актылар иш жүзүндө аларды ишке ашырууда кыйынчылыктарга алып келип жаткандыгын, анткени алар улуттук социалдык-маданий контекстти эске албагандыгын белгилей кетүү керек. Буга байланыштуу биз тарыхый тажрыйбага, изилденип жаткан мезгилдин институттарына кайрылууну сунуш кылабыз, аларды изилдөө калктын проблемаларынын келип чыгышынын себептерин түшүнүүгө, аларды азайтуунун олуттуу механизмдерин табууга жана мүмкүн болуучу келечегин (аларды чечүүнү), оң укуктук өнүгүүнү табууга мүмкүнчүлүк берет.

Кыргыз элинин азыркы укуктук маданияты өткөндөгүнүн укуктук негиздери менен ажырата алгыс байланышта экендиги жалпыга белгилүү, алар көчмөн цивилизациянын шарттарында калыптанган. Адат укуктун ченемдерин, алардын мазмунун иликтөө зарыл, алар (кыргыз калкынын укуктук абалын), кыргыз элинин тиричилик жашоо ыңгайын жана коомдук-социалдык мамилелерин аныктап келген. Бир нече жүз жылдыктардын ичинде калыптанган укуктук маданият, кыргыз элинин эч кимге салыштыргыс менталитети азыркыга чейин Кыргызстанда коомдук мамилелерге олуттуу таасир көрсөткөндүктөн бул ого бетер зарыл.

Илимий изилдөөнүн хронологиялык алкактары салыштырмалуу чакан, бирок аз изилденген мезгилди: XIX кылымдын – XX кылымдын башын түзөт. Бул Кыргызстан дал Кокон хандыгынын жана Россия империясынын курамында болгон мезгил. Бул жерде кыргыз калкынын адат укук боюнча укуктук абалын жана ага Кокон хандыгынын убагындагы мусулман укугунун ченемдеринин таасирин изилдөө, ошондой эле Россия империясынын букаралыгынын мезгилиндеги өзгөрүүлөрдүн динамикасын талдоо актуалдуу болот. Ушул изилдөөдө кыргыздардын бугу уруусу менен Россия

империясынын ортосунда түзүлгөн макулдашуу каралып, анын натыйжасында кыргыз калкынын укуктук абалы өзгөргөн.

Тарыхый укуктук аспект кыргыз элинин укуктук маданиятын жана укуктук аң-сезимин, коомдук мамилелерди жөнгө салуунун урунттуу принциптерин (социалдык топтордун укуктук абалын жөнгө салуу маселелеринде кыргыз калкы жетекчиликке алган) жана изилденип жаткан мезгилдеги коомдун социалдык түзүмүнүн уюштурулушун ар тараптуу изилдөө болжолдонот. Талдоо процессинде унут калган оң тажрыйбаны табуу өтө маанилүү, ал бүгүн да Кыргыз республикасынын калкынын укуктук абалын өркүндөтүүгө көмөктөшө алмак.

**Диссертациянын темасынын негизги илим-изилдөө иштери менен байланышы.** Ушул изилдөө демилгечилдик болуп саналат.

Кыргыз калкынын укуктук абалын жана изилденип жаткан мезгилдеги алардын укуктары менен милдеттерин ишке ашыруу процессин аныктоо менен байланышкан коомдук мамилелер **изилдөөнүн объекти** болуп саналат.

**Изилдөөнүн предмети.** Адат укуктун ченемдери, эреже, мусулман укугунун эрежелери, Россия империясынын мыйзамдык жоболору, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, архивдик материалдар жана изилденип жаткан мезгилде калктын укуктук абалын чагылдырган башка булактар изилдөөнүн предмети болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** XIX кылымдын - XX кылымдын башындагы кыргыздардын адат укугу боюнча калктын укуктук абалын комплекстүү тарыхый-укуктук талдоо изилдөөнүн максаты болуп саналат.

Көрсөтүлгөн максатка жетүү үчүн автор тарабынан төмөнкү негизги милдеттер коюлган :

- калктын укуктук абалы түшүнүгүн жана анын мазмунун изилдөө;

- кыргыздардын адат укугунун спецификалык мүнөздөрүн табуу жана изилденип жаткан мезгилдеги калктын укуктук абалын белгилөөдөгү анын ордун аныктоо;

- калктын көчмөндөргө жана отурукташкандарга бөлүнүшүнүн себептерин ачуу жана көчмөн калктын укуктук абалын иликтөө;

- отурукташкан калктын укуктук абалынын өзгөчөлүктөрүн иликтөө.

- Росия империясынын курамындагы кыргыз калкынын укуктук статусун аныктоо максатында революцияга чейинки мыйзамдарды талдоо;

- XIX кылымдын экинчи жарымындагы – XX кылымдын башындагы адат укукту өркүндөтүүнүн механизмдерин кароо жана административдик-укуктук реформаларды жүргүзүүнүн жүрүшүндө Россия империясынын букаралыгы болгон кыргыз калкынын социалдык топторунун укуктук статусундагы өзгөрүүлөрдү талдоо;

- Кыргыз Республикасындагы ар кайсы социалдык топтордун укуктук абалын тарыхый-укуктук тажрыбанын негизинде өркүндөтүү боюнча сунуштарды жана сунуштамаларды иштеп чыгуу.

Диссертациянын **алынган натыйжаларынын илимий жаңылыгы** ата-мекендик илимде алгачкы изилдөө болгондугунда турат, анда монографиялык деңгээлде адат укуктун, мусулман укугунун, XIX кылымдын – XX кылымдын башынын мезгилиндеги калктын укуктук абалына автордук аныктама туюндурулуп, көчмөн жана отурукташкан калктын укуктук абалын бөлүштүрүүнүн себептери табылып, кыргыз калкынын ар кайсы социалдык топторунун адат укуктун ченемдери боюнча класификациясы жүргүзүлүп, Россиянын мыйзамдары боюнча кыргыздардын укуктук абалынын маселеси ачып берилген; кыргыздардын бугу уруусу менен Россия империясынын ортосундагы макулдашуунун табияты эл аралык келишим катары аныкталган; Кыргыз Республикасындагы калктын социалдык топторунун укуктук абалын жакшыртууга багытталган практикалык сунуштамалар туюндурулган.

**Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү** диссертацияда берилген тыянактар жана сунуштамалар төмөнкүлөрдө пайдаланылышы мүмкүн экендигинде болуп саналат: (а) Кыргыз Республикасындагы социалдык топтордун укуктук абалын өркүндөтүү боюнча укук жазуу ишинде; (б) социалдык топторунун укуктук абалын жана кыргыздардын адат укугун иликтөөдө илим-

изилдөө иштеринде; (в) мамлекет жана укук теориясы, мамлекет жана укук тарыхы сыяктуу юридикалык дисциплиналардын алкагында окуу китептерин жана окуу-усулдук колдонмолорду иштеп чыгууда; (г) жогоруда саналып өткөн курстар боюнча лекцияларды жана семинарларды иштеп чыгууда жана өткөрүүдө.

**Коргоого чыгарылган негизги жоболор:**

1. Жүргүзүлгөн изилдөөнүн натыйжасында автор тарабынан төмөнкү аныктама сунуш кылынган. Калктын укуктук абалы, түшүнүгү бир маанидеги аныктоону ала элек. Буга байланыштуу коргоого төмөнкү аныктама алынып чыгарылат: *Белгилүү бир жерде жашаган жана социалдык топтордон турган жеке жактардын укуктун булактарында бекитилген укуктарынын, милдеттеринин жана жоопкерчиликтеринин жыйындысы* ***калктын укуктук абалы*** *болуп саналат.*

2. Эрежени, укуктук каада-салттарды, макалдарды, лакаптарды, бийлердин соттук чичимдерин камтыган адат укуктун булактарында калктын укуктук абалын белгилеген жана калкты экономикалык, саясий жана социалдык факторлордун негизинде катмарларга жана социалдык топторго бөлүштүрүүнү тааныган ченемдер камтылгандыгы белгиленген. Адат укук элдин өзү тарабынан иштелип чыгылган жана кабыл алынган, бул анын кызыкчылыктарын эске алган жана ар кандай кырдаалдарга жараша өзгөрүүлөргө жаткан.

3. Географиялык шарттардын, коомдун экономикалык негиздеринин, өндүрүш ыкмасынын натыйжасында кыргыз калкы көчмөн жана отурукташкан калктан тургандыгы жөнүндө тезис чыгарылган жана негизделген. Көчмөн калк сословиелерден жана социалдык топтордон туруп, алардын укуктары, милдеттери жана жоопкерчилиги экономикалык жана социалдык факторлор менен аныкталган социалдык статусуна жараша адат укук менен жөнгө салынып турган.

4. Кокон хандыгы башкарып турган мезгилде мусулман укугу Кыргызстандын түштүгүндө адат укуктун тутумуна жарым-жартылай интеграциялангандыгы, ошону менен отурукташкан калктын укуктук абалы

адат жана мусулман укугунун ченемдери менен жөнгө салынып тургандыгы аныкталган.

5. Россия империясынын курамында кыргыз калкынын укуктук абалы төмөнкүлөрдүн негизинде өзгөрүлгөндүгү белгиленген: 1) бугу уруусу менен Россиянын ортосундагы макулдашуунун негизинде өзгөрүлүп, ал эл аралык келишимдин элементтерин алып жүргөн; бул келишимдин негизинде кыргыз калкы букаралардын статусун алып, ошону менен Россиянын канаты алдында болуп калган. 2) Россия империясынын ченемдик укуктук актылары боюнча кыргыз калкы бөтөн элдердин жана айылдык карапайым калктын укуктук статусун алган.

6. Россия мамлекетинин курамында кыргыз калкынын укуктук абалынын өзгөрүшү менен адат укук төмөнкү жол менен өркүндөй баштаган: 1) адат укуктун Россия империясынын юрисдикциясы деп таанылышынын жана анын ченемдик укуктук актыларда бекитилишинин; 2) адат укуктун ченемдеринин – эреженин жазма булактарда тутумдашуусунун.

Адат укуктун өркүндөшү калктын укуктук абалын жазуу түрүндө бекитүүгө мүмкүнчүлүк берген: мурастоочулук кызматтар жоюлган, шайлоо кызматтары киргизилген, калктын шайлоо укугу бекитилген, эркектер менен аялдардын укуктук абалы теңештирилген, сословиелердин жана социалдык топтордун укуктук абалы регламенттелген.

7. Диссертант тарабынан илимий изилдөөнүн проблемалары боюнча тыянактар иштелип чыккан жана Кыргыз Республикасындагы ар кайсы социалдык топтордун укуктук абалын өркүндөтүү боюнча сунуштамалар туюндурулган.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Диссертация өз алдынча аткарылган илимий изилдөө болуп саналат. Диссертант тарабынан негизги жоболор чыгарылып, аларды жеке өзү туюндурган.

**Диссертациянын натыйжаларынын апробацисы**. Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору автордун илимий иштеринде жарыяланып, илимий-практикалык конференциялардагы, тегерек столдордогу жана

семинарлардагы докладдарда чагылдырылган. Борбор Азиядагы Америка университетиндеги «Кыргыздардын адат укугу», «Мамлекет жана укук теориясы», «Укук философиясы жана укуктук жана саясий илимдердин тарыхы» курсу боюнча лекцияларды окууда жана семинардык сабактарды өткөрүүдө билим берүү процессине илимий иштин натыйжаларын киргизүү изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоонун маанилүү түрү болуп калды.

**Диссертациянын натыйжаларын жарыялоолордо чагылдыруунун толуктугу.** Жүргүзүлгөн изилдөөнүн натыйжалары, анан тыянактары жана негизги жоболору Кыргыз Республикасынын ЖАКы тарабынан сунуштама кылынган илимий журналдардагы илимий макалаларда жарыяланган диссертациялык тема боюнча автор он бир илимий иш жарыялаган.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү.** Бул иш киришүүдөн, үч главадан, алты бөлүмдөн, тыянактардан, практикалык сунуштамалардан жана пайдаланылган адабияттан турат. Иштин көлөмү 158 бетти түзөт. Пайдаланылган библиографиялык булактардын көлөмү 132ни түзөт.

## ДИССЕРТАЦЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертациялык изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу негизделип, изилдөөнүн максаты жана милдеттери, анын илимий жаңылыгы жана алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү аныкталат; коргоого чыгарылып жаткан негизги жоболор туюндурулуп, изденүүчүнүн жеке салымы жөнүндө жана аткарылган иштин натыйжаларын апробациялоо тууралуу маалыматтар келтирилген.

**«Кыргыз калкынын укуктук абалынын теориялык негиздери» деген биринчи глава** эки бөлүмдөн турат.

«***Калктын укуктук абалы түшүнүгү жана анын мазмуну»*** *деген биринчи главанын биринчи бөлүмүндө* калктын укуктук абалы түшүнүгүнүн теориялык аспекттери ачылып берилет. Диссертант ар кандай түшүнүктүн мазмуну анын элементтерин түзгөндөрдүн баарынын биримдиги жана алардын өз ара аракеттенүүсү аркылуу ачыла тургандыгын белгилеген.

«Калк» деген түшүнүк укук булактарында, ошондой эле доктриналык булактарда пайдаланыла тургандыгы белгиленген. «Калк» белгилүү бир мамлекетте же жерде жашаган индивиддердин жыйындысы катары аныкталат. «Калк» деген түшүнүк айрым социалдык топторду билдирет. Экономикалык жана социалдык факторлор калкты социалдык топторго бөлүштүрүүнүн негизги шарты болуп саналат. Укуктук абалды укуктук субъектинин укуктарынын, милдеттеринин жана жоопкерчилигинин жыйындысы деп түшүнүү кабыл алынган. Автор укуктук абалдын маңызын аныктоо максатында кыйла көбүрөөк кездешкен «укуктук абал» жана «укуктук статус» түшүнүктөрүнүн мааниси иликтеген. Латын тилинен «статус» «ээлеген абал же абал» катары которулат. Көпчүлүк окумуштуулардын пикири боюнча «укуктук абал» термини «укуктук статус» түшүнүгүнүн синоними болуп саналат, анткени ар кайсы өлкөлөрдүн колдонуудагы мыйзамдары, юридикалык практика жана эл аралык укуктук актылар дал ошол көз карашты карманат. *[Черниченко, С.В. Личность и международное право [Текст] / С.В. Черниченко. - М., 1974. – С. 42].* Теориялык-укуктук талдоонун негизинде "укуктук абал жана укуктук статус" түшүнүктөрү төп келген жана бири-бирин алмаштырган түшүнүктөр экендиги жөнүндө тыянак жасалган. Тарыхый-укуктук талдоо жүргүзүүнүн негизинде автор бул түшүнүктөрдү чогуу бириктирип, "калктын укуктук абалы" аныктамасын туюндуруп, аны *белгилүү бир жерде жашаган жана социалдык топтордон турган жеке адамдардын укуктарынын, милдеттеринин жана жоопкерчилигинин укук булактарында бекитилген жыйындысы* деп түшүнүүнү сунуш кылат.

***"Калктын укуктук абалын белгилөөдөгү кыргыздардын адат укугу"*** деген *биринчи главасынын экинчи бөлүмүндө диссертант тарабынан адат укуктун булактарын аларда калктын укуктук абалын регламенттөөнүн жүйөсүнө талдоо жүргүзүлөт.* Ошондой эле бул бөлүмдө ар кайсы илимий багыттардын жана мектептердин (тарыхый мектептер, юридикалык позитивизм мектептери, маркстык-лениндик мектептер ж.у.с.) өкүлдөрү тарабынан адат укукту аныктоого карата мамилесин изилдөөгө чоң көңул бурулган. Аларды

жалпылоонун негизинде автор тарабынан адат укуктун төмөнкүдөй негизги белгилери чыгарылган: 1) ал каада-салттарга негизделет жана жүрүм-турум эрежелеринин практикасынын негизинде калыптанат, бул практиканын тутумдуулугу жана туруктуулугу болууга тийиш; 2) каада-салттар эл тарабынан таанылуу аркылуу укуктук күчтү алат жана ал мамлекеттик бийлик тарабынан бекитилген учурда укук булагынын укуктук статусуна ээ болот; 3) адат укуктун баштапкы түрү оозеки болгон, бирок кийин адат укуктун мазмуну жазуу түрүндөгү укуктук булактар менен бекитилген болушу мүмкүн. Мына ошентип, адат укук үзгүлтүксүз, бир түрдүү практика жолу менен калыптанган, элдин укуктук аң-сезиминде алардын бекип калышына милдеттүү болгон, ал эми кийин жазуу түрүнө өткөн жана коомдун бийиликтик уюштурулушунун белгилүү бир түрү тарабынан санкция берилген ченемдердин жана каада-салттардын тутуму болот.

Кыргыздардын адат укугунун булактарынын тутуму төмөнкүлөрдү өзүнө камтыйт: укуктук каада-салттарды, макалдарды жана ылакаптарды, бийлердин соттук чечимдерин, эрежени - Бийлердин кезексиз курултайларынын жетектөөчү жоболорун. Укуктук каада-салттар көбүнчө макалдар жана ылакаптар менен бекемделип, алар муундан-муунга өтүп турган. Бул Б.И. Борубашовду, С.К. Кожоналиевди, К.С. Сооронкулованы кошуп алганда көпчүлүк окумуштуулар тарабынан ырасталат. Бийлердин сотторунун практикасы адат укуктарды чечмелөөгө, толуктоого жана кээ бирде жадагалса өзгөртүүгө жардам берген. Убакыт өткөн сайын бийлердин сотторунун практикасынын алкагында иштелип чыккан укуктун бардык ченемдери адат укуктун жазуу түрүндөгү булактарында - эрежеде чагылдырылган. Адат укук калктын социалдык топторунун жоопкерчилигин, милдеттерин жана укуктарын камтып, ошого карата калктын укуктук абалын орнотту.

Мына ошентип, адат укук салтка айланган жашоо ыңгайынын өтмөлүүлүгүн сактап калгандыгына жана муундар, практика жана коомдук таануу менен калыптангандыгына негизденип эл өкүлдөрү тарабынан иштелип

чыккан жана кабыл алынган, адат укук ата-бабалардын акылмандыгын сыйлоонун күчүнөн эл тарабынан сакталган.

**“XIX кылымдын биринчи жарымындагы кыргыз калкынын укуктук абалы “ деген экинчи глава** эки бөлүмдөн турат.

*“**Көчмөн калктын укуктук абалы**” деген экинчи главанын биринчи бөлүмүндө* калктын көчмөндөргө жана отурукташкандарга бөлүнүшүнүн себептери ачып берилип, диссертант көчмөн жашоо ыңгайынын спецификасын жана калктын укуктук абалын адат укукта чагылдырылган көчмөн коомдун социалдык түзүмүн жана сословиелердин укуктук абалын талдоо аркылуу караган.

Көчмөн калк тоолуу жерлерде жашагандыгы белгиленген. Жашоонун көчмөн ыңгайы калктын малдын тоютка, сууга жетүүсү болгон жайыттардын районуна дайыма көчүп жүрүүсү менен шартталган. Жайыттар жалпы пайдалануу укугунда урууга гана таандык болгон. Малчылык чарбанын негизги түрү болгон.

XIX кылымдын биринчи жарымында, кыргыз урууларын Кокон хандыгы басып алган мезгилде көчмөндөр хандыктын юрисдикциясына баш ийүүгө жана мусулман укугунун ченемдерин сактоого тийиш болгон. Көчмөн калк Кокон хандыгынын администрациялык талаптарын карманган, бирок коомдук мамилелер адат укук менен жөнгө салынуусун уланта берген.

Кыргыз коомунун патриархалдык-уруулук жашоо ыңгайынын айынан адат укук калктын сословиелерге бөлүнүшүн тааныган. Көпчүлүк макалдар жана ылакаптар коомдогу сословиелик бөлүнүүнүн болгондугун баса көрсөтөт: мисалы, «Бай менен кедей баш кошпойт» (бул макал байлар менен кедейлердин ортосунда никенин мүмкүн эместигин көрөстөт; «Хан кебине кайруу жок» (бул макал башкаруучунун сөзүнө каршы бир нерсе айтуу мүмкүн эместигин, анын сөзү - мыйзам экендигин көрсөтүп турат; «Байды тууп алат, байбичени сатып алат» (бай болуп туулат, б.а. мураска калат, ал эми байдын жубайын сатып алууга болот).

Кыргыз көчмөн коому жогорку, орто жана төмөнкү сословиеге бөлүнгөн. Коомдун жогорку катмарына кызмат абалын ээлеген адамдар, ардактуу адамдар, байлар таандык болгон жана ошондуктан алардын укуктары көбүрөөк эле. Жогорку сословиеге манаптар, бийлер, манаптар таандык болгон. Ортоңку сословиени негизинен башкаруучулардын жардамчылары, баатырлар, калктын камсыз болгон жана экономикалык жактан көз карандысыз өкүлдөрү (майда манаптар жана орто байлар) түзгөн. Коомдун төмөнкү категорясына экономикалык жактан көз каранды (жакыр калк - букаралар жана кулдар таандык болгон) ар бир сословиелик топтун укуктары, милдеттери жана жооперчилиги байкаларлык айырмаланып турган жана алардын ар биринин социалдык статусу менен шартталган. Аялдар, балдар, улгайган адамдар, жалчылар жана малайлар сыяктуу социалдык топтор айырмаланып турган.

*“**Отурукташкан калктын укуктук абалынын өзгөчөлүктөрү”** деген экинчи главанын экинчи бөлүмүндө* автор отурукташкан калктын жашоосунун көчмөн уруулардыкынан сословиелик жана тиричилик ыңгайынын айырмачылык өзгөчөлүктөрүн талдайт. Кыргызстандын түндүк жана түштүк калкынын ортосундагы негизги айырма отурукташкан калктын жашоосуна мусулман укугунун ченемдеринин таассиринин сызыгы боюнча өтөрүн белгилеген. Мусулман укугу адат укуктун тутумуна жарым-жартылай интеграцияланып, ошону менен отурукташкан калктын укуктук абалы адат жана мусулман укугунун ченемдери менен жөнгө салынган. Баары бир мусулман укугунун таасири отурукташкан калктын арасында кыйла олуттуу болгон жана төмөнкүлөрдөн көрүнгөн: 1) мусулман укугу менен тыюу салынбаган укуктук каада-салттар колдонула берген (мисалы, келиндин туугандарына калың төлөө колдонула берген, анткени мусулман укугуна каршы келбеген); 2) мусулман укугу тыюу салган укуктук каада-салттар кыргыздардын отурукташкан урууларында колдонулбай калгани (мисалы, бутпарастык түрүндөгү ченемдер); 3) мусулман укугунун айрым ченемдери

адат укукка киргизилген (мисалы, үй-бүлөлүк укуктун «нике» жана «талак» ж.б. ченемдери).

Отурукташкан калктын социалдык түзүмү көчмөн калктыкындай эле бир нече сословиеден турган. Кызмат адамдары, ардактуу адамдар жана диний түзүмдөрдүн өкүлдөрү - даткалар, бектер, казылар жана дин өкүлдөрү жогорку сословиеге таандык болгон. Бектер жана даткалар шаарларда жана айылдарда өкүмдарлардан, ири жерлердин менчик ээлери болгон. Төмөнкү сословиеге дыйкандар жана кулдар таандык болуп, өздөрүнүн социалдык статусунун жана экономикалык абалынын айынан калктын бул категориясы эң жармач болгон. Дыйкандардын арасынан жалданма жумушчулар (чайрыкерлер жана мардикерлер) бөлүнүп көрсөтүлүп, алар отурукташкан калк арасында гана болгон.

**“Кыргыз калкынын Россия империясынын курамындагы укуктук абалы”** деген үчүнчү глава эки бөлүмдөн турат.

***“Кыргыз калкынын Россия империясынын мыйзамдары боюнча укуктук абалы”*** *деген үчүнчү главанын биринчи бүлүмү* кыргыз калкынын Россиянын курамындагы укуктук статусунун өзгөчөлүктөрүн ачып берет.

Россия бийлиги менен кыргыздын бугу уруусунун ортосундагы 1854-жылдын 13-октябрындагы макулдашуусуна ылайык кыргыз калкы Россия империясынын букараларынын укуктук статусун алган бугулар менен Россия империясынын ортосундагы макулдашуу жазуу түрүндө түзүлгөндүктөн, тараптардын укуктары менен милдеттерин камтыгандыктан, мамлекет жана эл макулдашуунун тараптары болгондуктан эл аралык укуктун элементтерин алып жүргөн. Автор анын алкагында элчи жана элчилик мамлекетке өкүл болгон, ошондой эле бугу уруусунун элчиси өз элинин кызыкчылыктарын билдирген эл аралык макулдашуу түзүүдөгү элдин укуктук субъекттүүлүгүн аныктоо үчүн дипломаттык иммунитеттердин өкүлчүлүк теориясын талдаган.

Диссертант Россиянын курамындагы кыргыз элинин укуктук статусун аныктоо максатында Россия империясынын мыйзамдарын изилдеген. 1857-жылдагы IX т., биринчи китеп “Абалдар жөнүндө” Россия империясынын

мыйзамдар жыйнагынын биринчи беренесине ылайык Россия империясынын калкы “тегинин белгиси боюнча” төмөнкүдөй бөлүнгөн: 1) табийгый тургундарга; 2) бөтөн элдерге; 3) чет өлкөлүктөргө; ошол эле жерде 762-беренеде кыргыз калкы “Бөтөн элдерге таандык кылынган *[Россия империясынын мыйзамдар жыйнагы [Текст]: 34-т. Т. 9: «Абалдар жөнүндө». – СПб: Тип. Е.И.В. Өздүк канцеляриясынын экинчи бөлүмүнүн басмаканасы, 1857. – 572-б. [Электрондук ресурс]. – Жетүү режими: http://civil.consultant.ru/reprint/books/205/87.html].* Кыргыз калкынын “бөтөн элдер” катары укуктук статусу өзүнчө ченемдик укуктук актылар менен жөнгө салынган, мисалы, кыргыз урууларын кошуп алганда Түркстан крайынын көчмөн элдери 1891-жылдагы Талаа жобосу менен башкарылган.

1857-жылдагы “Абалдар жөнүндө” Россия империясынын Мыйзамдар жыйнагынын IX томунун 2-беренесине ылайык калк “жашоо ордунун белгиси боюнча” шаардык жана айылдык тургундарга бөлүнгөн; укуктук статусуна жараша алар дворяндарга, дин кызматкерлерине, шаардык жана айылдык тургундарга бөлүнгөн. 1886-жылдын 2-июнундагы Түркстан крайын башкаруу жөнүндө жобого шилтеме жасаган 763-беренеге ылайык кыргыз калкы “айылдык тургундардын” укуктук статусун алган *[Россия империясынын мыйзамдар жыйнагы [Текст]: 34-т. Т. 9: «Абалдар жөнүндө». – СПб: Тип. Е.И.В. Өздүк канцеляриясынын экинчи бөлүмүнүн басмаканасы, 1857. – 572-б. [Электрондук ресурс]. – Жетүү режими: http://civil.consultant.ru/reprint/books/205/87.html].*

“***Адат укуктун өркүндөшү жана анын калктын укуктук абалы үчүн мааниси”*** *деген үчүнчү главанын экинчи бөлүмү* адат укукту өркүндөтүүнү жана калктын укуктук абалындагы өзгөрүүлөрдү аныктайт.

Автор Россиянын өкмөтү 1867-жылдагы Жети-Суу жана Сыр дарыя областтарын башкаруу жөнүндө убактылуу жобонун 181-§на ылайык кыргыздардын адат укугун Кыргызстанда колдонулуучу укуктун булагы катары тааныган. *[Борубашов, Б.И. Кыргызстан мамлекетинин жана укугунун тарыхы боюнча хрестоматия [Текст] / Б.И. Борубашов. – Бишкек: КРСУ басмасы, 2008. – 251 б.].* Адат укук Россия империясынын укуктук тутумунда эле колдонулуучу

укуктун жаңы стаусуна ээ болгон. Натыйжада адат укук кодификация түрүндө тутумдаштырылууга, атап айтканда, алардын мазмунун өзгөртүү менен адат укуктун ченемдерин бирдиктүү бүтүм актыга - эрежеге жаткан. Адат укуктун тутумдашуусу жана кодификациясы калк арасында талаштарды бир түрдүү чечүүгө жардам берген.

Диссертант адат укукту өркүндөтүү калктын укуктук абалына оң таасир көрсөткөндүгүн аныктаган. Биринчиден, эрежеде калктын ар кайсы өкүлдөрүнүн укуктары, милдеттери жана жоопкерчилиги жазуу түрүндө чагылдырылгандыгын аныктаган. Адат укук үчүн бул укуктун булагына формалдуу бекитүү берүүнүн маанилүү кадамдарынын бири болуп, ал адат укуктун ченемдерин кыйла туруктуу кылып, аларды колдонууда бир түрдүүлүк пайда болгон, бул калктын укуктук мамилелеринин туруктуулугуна алып келген. Экинчиден, эрежени талдоо менен автор кыргыз коому сословиелик мүнөздө болгондугун, бирок азыр сословиелүүлүк адат укуктун жазуу түрүндө бекитилген. Айрым ченемдерде эркектердин жана аялдардын укуктарын теңдештирүү белгиленген. Үчүнчүдөн, эреженин жоболорунда диссертант тарабынан жаңы кызмат адамдарынын болгондугу (болуштук башкаруучулар жана айылдык ыстарчындар) табылган, алар меритократия принциби боюнча шайланган, б.а. белгилүү бир аймакты башкарууга кыйла акылдуулар жана жөндөмдүүлөр шайланган. Болуштук башкаруучуларды жана айылдык ыстарчындарды киргизүү 1867-жылдагы Жети-Суу жана Сыр дарыя областтарын башкаруу жөнүндө убактылуу жобо менен бекитилген. Эрежеден биз адат укуктун көз карашынан алардын укуктук статусун байкайбыз.

## ТЫЯНАКТАР

Акырында жүргүзүлгөн изилдөөнүн натыйжалары боюнча төмөнкү тыянактар туюндурулат:

1. Илимий адабият менен укуктук булактарды иликтөө жана жалпылоо «калктын укуктук абалы» түшүнүгүн туюндурууга жана ачып берүүгө жардам берди. Биринчиден, калктын укуктук абалы түшүнүгүнүн негизинде эки

түзүмдүк элемент - «укуктук абал» жана «калк». Экинчиден, окумуштуулардын көпчүлүгү укуктук абал түшүнүгүнө субъекттин укуктары, милдеттери жана жоопкерчилиги сыяктуу салтка айланган укуктук элементтерди киргизет, алар укуктук булактарда регламенттештирилген; ал эми «калк» түшүнүгүнө белгилүү бир жерде жашаган жеке жактардын жыйындысын киргизишет. Бул иште автор калк түшүнүгүн аны экномикалык, саясий жана социалдык факторлору менен алдын ала аныкталуучу социалдык топторго бөлүштүрүүнүн көз карашынан кароону сунуш кылат.

Жүргүзүлгөн изилдөөнүн негизинде калктын укуктук абалынын төмөнкүдөй автордук аныктамасы берилет, ага ылайык калктын укуктук абалы белгилүү бир жерде жашаган жана социалдык топтордон турган жеке адамдардын укук булактарында бекитилген укуктарынын, милдеттеринин жана жоопкерчилигинин жыйындысы болуп саналат.

2. Кыргыздардын адат укугунун булактарынын тутумун өзүнө укуктук каада-салттар, макалдар, лакаптар, бийлердин соттук чечимдери эреже - Бийлердин кезексиз Курултайларынын жетекчилик жоболорун камтыган. Укуктук каада-салттар, негизинен, макалдарда жана ылакаптарда бекитилип, алар муундан муунга өтүп турган. Адат укуктун чененмдери адегенде элдин аң-сезиминде камтылып, жалпы укуктук ынанымдарды билдирүү болуп саналган жана андан адегенде каада-салттар түрүндө келип чыккан.

Бийлер сотторунун практикасы укуктук каада-салттарды интерпретациялоого, толуктоого жана өзгөчө учурларда өзгөртүүгө жардам берип турган. Убакыт өткөн сайын бийлер сотторунун практикасынын алкагында иштелип чыккан бардык укук ченемдери адат укуктун жазуу түрүндөгү булактарында - эрежеде чагылдырылган. Адат укуктун ченемдери регион боюнча айырмалангандыгына карабастан, жалпысынан алар окшош мүнөздүү жактарга ээ болуп, аларга ачыктык, айкындык кирген. Адат укук элдин өкүлдөрү тарабынан жашоонун салтка айланган ыңгайынын өтмөлүүлүгүн сактап калгандыгына жана муундар, практика, коомдук таануу менен

калыптангандыгына жана ата-бабалардын акылмандыгын сыйлоо катары эл тарабынан сакталгандыгына негизденип иштелип чыккан жана кабыл алынган.

3. Кыргыз калкы географиялык шарттарга, жашоо ыңгайына, эмгек шарттарына, тигил же бул уруулардын тиричилик шарттарына жараша региондук айырмалардын айынан көчмөн жана отурукташкан калктан турган. Көчмөн калктын укуктук абалы адат укуктун ченемдеринин жыйындысы аркылуу көрүнүп, алар айрым сословиелердин укуктарын, милдеттерин жана жоопкерчилигин аныктаган. Адат укуктун ченемдери боюнча кыргаз калкы жогорку, орто жана төмөнкү сословиелерге бөлүнгөн.

Мындай бөлүнүүнүн натыйжасында кызматттык жана ардактуу адамдар бөлүнүп чыгып, алар бай калкка таандык болгон жана ага жараша жогорку жана орто сословиеге кирген жана орто сословиеден айырмаланган укуктары менен милдеттери болгон. Ошондой эле жакыр калк болуп, алар төмөнкү сословиеге таандык болуп, алардын укуктары менен милдеттери орто жана жогорку сословиелердикинен кыйла төмөн болгон. Жалпысынан бардык сословиелердин өкүлдөрү каада-салттардын милдеттүүлүгүн коомдук таануунун айынан адаттын ченемдерин так сактаган.

Диссертацияда алардын негизин социалдык жана экономикалык факторлор түзгөн кыргыз калкынын айрым социалдык топторунун белгилерин аныктоо аракети жасалган. Аялдар, балдар, улгайган адамдар, жалданган жумушчулар сыяктуу социалдык топтор бөлүп көрсөтүлгөн. Калктын социалдык топторго бөлүнүшү алардын укуктук абалындагы айырмаларды шарттайт.

4. XIX кылымдын биринчи жарымында Кыргызстандын түштүгүндө жашаган отурукташкан калкка Кокон хандыгы таасир көрсөткөн, анда укуктук тутумдун негизин мусулман укугу түзгөн. Мындай таасирдин натыйжасында мусулман укугу адат укуктун тутумуна жарым-жартылай интеграциялангандыгы даана байкалган, мисалы, мусулман укугунун укуктук жүгүртүүгө кирип кеткен «талак» институту отурукташкан калктын нике-үй-бүлө мамилелериндеги ажырашуу институтун регламенттеген. Мына ошентип, отурукташкан калктын

укуктук абалы мусулман жана адат укуктардын ченемдери менен жөнгө салынып, алар үй-бүлө укугу, мурастоо укугу жана жазык укугу сыяктуу институттарда чагылдырылган. Мусулман укугунун таасири астында отрукташкан калктын арасында көчмөн калктын арасында болбогон социалдык топтун адамдары пайда болгон, мисалы, чайрыкерлер жана мардикерлер.

5. Кыргыз калкынын укуктук абалы бугу уруусу менен Россиянын ортосунда макулдашуу түзүүнүн натыйжасында өзгөрүлүп, ага ылайык кыргыз калкы Россия мамлекетинин букаралыгынын статусун жана анын коргоосун алган. Бул макулдашуу эл аралык келишимдин элементтерине ээ болгондугу, ага жараша милдеттүү экендиги аныкталган. Бул макулдашууда эки тарап элдин жана мамлекеттин атынан өкүл болуп чыккан; макулдашуу жазуу түрүндө болгон жана тараптардын укуктары менен милдеттерин камтыган.

Кыргыз калкынын укуктук абалы Россия империясынын ченемдик укуктук актыларында төмөнкүдөй түрдө аныкталган.

- Кыргыздын бугу уруусу менен Россия падышасынын ортосундагы 1854-жылдын 13-октябрындагы макулдашуусу түзүлгөндөн кийин кыргыз калкы Россия империясынын колдоосун алган жана анын букарасы болуп калган.

- Кыргыз калкына Россия империясындагы курамындагы улуту бөлөктөрдүн укуктук статусу бекитилип берилген, бул Россия империясынын абалдары жөнүндө мыйзамдардын 1857-жылдагы IX томунун 762-беренеси менен жөнгө салынган.

-Кыргыздар Россия империясынын абалдары жөнүндө мыйзамдар жыйнагынын 1857-жылдагы IX томунун 763-беренесине ылайык «айылдык тургундардын» тобунун укуктук статусу боюнча саналып өткөн, ал өз кезегинде 1886-жылдагы Туркстан крайын башкаруу жөнүндө жобонун 11-беренесине шилтеме жасаган.

Россия мыйзамдарын империялык мамлекеттин калкынын курамы боюнча изилдөөнүн натыйжасында төмөнкү корутунду жасалган. «Абалдар жөнүндө» мыйзамдар жыйнагынын 1867-жылдагы IX томунун биринчи китебинин 1-беренесине ылайык Россия империясынын калкы «тегинин белгиси боюнча»

табигый калкка, улуту бөтөндөргө, чет өлкөлүктөргө бөлүнгөн. 2-беренеге ылайык калк «жашоо ордунун белгиси боюнча» шаардык жана айылдык калкка бө

лүнүү менен алардын «укуктук статусуна» жараша, калк дворяндарга, дин кызматкерлерине, шаар тургундарына, айылдык тургундарга бөлүнгөн.

6. XIX кылымдын экинчи жарымында Россия империясынын курамында кыргыздардын адат укугу өркүндөгөн. 1867-жылдагы Жети суу жана Сыр дарыя областтарын башкаруу жөнүндө убактылуу жобонун 181 §ына ылайык Россия империясынын өкмөтү кыргыздардын адат укугун Кыргызстандагы колдонуудагы укуктун булагы катары тааныган. Мунун натыйжасында адат укук кодификация, атап айтканда адат укуктун ченемдерин алардын мазмунун өзгөртүү менен бирдиктүү бүтүндөй актыга – эрежеге бириктирүү түрүндө тутумдаштырылууга жаткан.

Адат укукту өркүндөтүү калктын укуктук абалын өркүндөтүү, атап айтканда: 1) калктын укуктук абалын эреже түрүндө жазуу түрүндө бекитүү; 2) шайлануучу кызматтарды киргизүү оң таасир көрсөткөн, калктын шайлоо укугу бекитилген, аялдар менен эркектердин укуктук абалы теңештирилген; 3) сословиелердин жана социалдык топтордун укуктук абалы аныкталган.

7. Жүргүзүлгөн диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында калктын укуктук абалынын жакшырышы менен байланышкан маселелер дайыма өлкөнүн өнүгүүсү үчүн аныктоочу болуп саналат деген тыянакка келген. Буга негизденип социалдык топтордун тең мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылуу боюнча азыркы мыйзамдарды өркүндөтүү максатында диссертант төмөнкү **практикалык сунуштамаларды** сунуш кылат:

1). Изилдөөнүн жүрүшүндө адат укуктун ченемдерине ылайык кыргыз калкынын арасынан бийлик өкүлдөрүн меритократия принцибине ылайык шайлашкандыгы аныкталган. Кыргыз Республикасынын Конституциясы 2-беренин 5-пунктунда мамлекеттик бийлик органдарында ар кайсы социалдык топтордун өкүлчүлүгүнө жана алардын кызыкчылыгына кепилдик берет.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 52-беренесинин 2-пункту «шайлоо жана шайлануу» укугуна кепилдик берет, бирок бул ченемди ишке ашыруу акчалай каражаттар болгондо жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

Жогоруда айтылганга байланыштуу, биз 2011-жылдагы «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депуттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 21-беренесинин 1-пунктуна «Талапкерлер саясий партияга акчалай төгүмдөрдүн суммасынын негизинде саясий партиялардан көрсөтүлүшү мүмкүн эмес», ошондой эле 1999-жылдагы «Саясий партиялар жөнүндө» мыйзамынын 11-беренесине төмөнкүдөй тиешелүү толуктоо киргизүү сунуш кылынат: «Саясий партияларга Жогорку Кеңешке жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлануу үчүн өз талапкерлеринин бирдиктүү партиялык тизмесин саясий партияга акчалай тогүмдөрдүн көлөмүнүн негизинде түзүүгө тыюу салынат» жана 2011-жылдагы «Жергиликтүү кеңештердин депуттарын шайлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 17-беренесинин 1-пунктуна «Саясий партиялардан талапкерлер саясий партияга акчалай төгүмдөрдүн көлөмүнүн негизинде көрсөтүлүшү мүмкүн эмес» .

2). Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2017-жылдагы токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкердин шайлоо фондунун акчалай каражаттарынын келип түшүүсүн жана чыгымдалышын түзүүнүн, эсепке алуунун тартиби жөнүндө нускаманан 8-бөлүмүнүн 36-пунктуна ылайык талапкер 1млн. сом өлчөмүндөгү шайлоо күрөөсүн өткөрүп берүүгө тийиш. Бул ченем жарандарга Конституциянын 52-беренесинин 2-пункту менен регламенттелген өздөрүнүн конституциялык укуктарын ишке ашырууга мүмкүнчүлүк бербейт. Демек, биз шайлоо күрөөсүн жокко чыгарууну, ошондой эле Президенттин кызмат ордуна талапкерлердин тизмесин түзүү тутумун талапкерлерди дебаттардын натыйжалары боюнча тандап алуунун жардамы менен өркүндөтүүнү сунуш кылабыз.

Жогоруда баяндалгандардан биз 2017-жылдын Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер үчүн жетекчиликтин 25-пунктуна төмөнкү өзгөртүү киргизүүнү сунуш кылабыз: «Каттоо үчүн ар бир талапкерди саясий программаларды тааныштыруучу дебаттарга катышуусу аркылуу тандап алуу жүргүзүлөт. Дебаттар бир нече турда өткөрүлөт. Ар бир талапкер программасын өзү тааныштырууга жана суроолорго жооп берүүгө тийиш. Өз турунда дебаттардын натыйжалары боюнча баллдардын эң көбүн алган талапкер катталуучу талапкерлердин тизмесине кириши мүмкүн.

3) Кыргыз коомунда адат укуктун улгайган адамдарга урмат көрсөтүү, аларды балдардын камсыз кылуусу жана жардам көрсөтүүсү сыяктуу адат укуктун ченемдери дайыма кыйшаюсуз сакталып келген. Азыркы убакта балдар өз ата-энелерин карылар үйүнө көбүрөөк жиберип жаткан курч кырдаал түзүлүүдө. Көпчүлүк улгайган адамдар алименттерди өндүрүп алуу боюнча өз укуктарын билбейт же жүзөгө ашыра албайт, анткени укуктук коштоого муктаж болот. Демек, 2004-жылдын 17-мартындагы №180 «Үй-бүлөгө жана балдарга колдоо көрсөтүү бөлүмдөрү жөнүндө» типтүү жобонун 2.9-пунктун төмөнкү мазмундагы жобо менен толуктоо сунуш кылынат: «Социалдык тейлөө мекемелериндеги жарандарга социалдык укуктук кызматтарды көрсөтүү максатында үзгүлтүксүз баруу үй-бүлөгө жана балдарга колдоо көрсөтүү бөлүмүнүн негизги милдеттерине жана ишине кирет.

4) Азыркы убакта тышкы эмгек мигранттарынын проблемаларын чечүүгө жардам берүү үчүн Кыргызстанга мамлекеттин тышкы саясатынын негизги багыттарын аныктоочу мамлекеттик бийлик органын белгилөө зарыл. Буга байланыштуу 2013-жылдын 3-августундагы №183 «Чет өлкөлөрдөгү мекендештерге колдоо көрсөтүү боюнча мамлекеттик саясаттын негизги багыттары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 5-беренесинин 1-пунктуна өзгөртүү киргизүү жана аны төмөнкү редакцияда баяндоо сунуш кылынат: «Чет өлкөлөрдөгү мекендештерге карата Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясатынын негизги багыттарын Кыргыз Республикасынын Президенти аныктайт». Мына ошентип, чет өлкөлөрдөгү мекендештерге карата

тышкы саясаттын негизги багыттарын аныктоо Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин компетенциясына кирбей калат.

5) Акыркы жылдары коомдо үй-бүлөлүк зомбулуктун деңгээлинин олуттуу жогорулагандыгынын фактысын эске алып, өсүп келе жаткан муунду тарбиялоо процессине кыргыз элинин үй-бүлөлүк мыкты салттары жөнүндө билимдерди киргизүү зарыл. Буга байланыштуу мектепте окутууга «Кыргыз элинин салтка айланган үй-бүлөлүк баалуулуктары» аттуу атайын курсту киргизүү сунуш кылынат. Бул курстун алкагында кыргыз элинин үй-бүлөлүк баалуулуктарын, салттарын, улууларга урмат көрсөтүүнү, үй-бүлөдөгү зомбулукка жол бербөөнү, балдарды тарбиялоону ж.у.с. пропагандалоо сунуш кылынат.

6) Балдарды тарбиялоо жана окутуу мамлекеттин негизги милдети болуп саналат. Буга биздин ата-бабалар көңүл бурган. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 45-беренесинин 2-пунктуна ылайык «ар ким мамлекеттик билим берүү уюмдарында негизги жана орто жалпы билимди акысыз алууга укуктуу». Бирок көпчүлүк мектептердин администрациясы 2003-жылдын 30-апрелиндеги №92 «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 43-беренесинде белгиленген «жеке жана юридикалык жактар тарабынан каражаттарды киргизүүнүн ыктырдуулугу» ченемин этибарга албастан иш жүзүндө ата-энелерден милдеттүү кирүү төгүмдөрүн жана мектепти бүтүүгө ай сайынкы төлөөлөрдү талап кылууда. Ата-энелерден алынуучу жыйымдарды жок кылуу максатында 43-беренени алып салуу жана Кыргыз Республикасынын Конституциясы кепилдик берген балдардын милдеттүү орто билим алуусун балдар үчүн иш жүзүндө жеткиликтүү жана акысыз кылуу сунуш кылынат. Азыркы убакта жумушсуздук, өлкөнүн ичинде жана чет өлкөлөргө эмгек мигранттарынын чоң агымынын түзүлүшү, үйдөгү аялдарга жана балдарга карата зомбулук, балдарынын улгайган ата-энелерин багуусу ж.у.с. менен байланышкан маселелер өтө курч болуп саналат, анткени коомдун эң кеңири социалдык топторунун турмуштук маанилүү кызыкчылыктарын козгойт. Практикалык сунуштамаларда автор жогоруда саналып өткөн проблемаларды чечүүнүн укуктук механизмдерин чечүүнү сунуш кылат.

## ДИССЕРТАЦИЯЛЫК ИЗИЛДӨӨНҮН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫЯЛАНГАН ИШТЕРДИН ТИЗМЕСИ


1. Матеева, К.М. Калктын укуктук абалынын концепциясы [Текст] / К.М. Матеева // Азыркы кездин гумманитардык проблемалары. – Бишкек, 2011. – 14-чыг. – 432-443-б.
2. Матеева, К.М. Кыргыз калкынын Россия Империясынын курамындагы укуктук абалы [Текст] / К.М. Матеева // Эл аралык практикалык-конференциянын эмгектери. – Новосибирск, 2012. – 120-127-б.
3. Матеева, К.М. XIX кылымдагы кыргыздардын адат укук боюнча жогорку сословиесинин укуктук статусу [Текст] / К.М. Матеева // Илим жана жаңы технологиялар. – Бишкек, 2012. – №4. – 220-223-б.
4. Матеева К.М. Кыргыз урууларынын Россия Империясынын административдик-укуктук түзүлүшүндөгү укуктук статусу (19-кылымдын экинчи жарымы - 20-кылымдын башталышы.) [Текст] / К.М. Матеева // Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясынын жарчысы. – Бишкек, 2012. – №2. – 343-349-б.
5. Матеева, К.М . XIX кылымдагы – XX кылымдын башындагы кыргыздардын адат укугу боюнча төмөнкү сословиенин укуктук абалы/ К.М. Матеева // Жождордун кабарчысы. – Бишкек, 2012. - №7. – 141-145-б.
6. Матеева, К.М. XIX кылымдагы кыргыз элинин укуктук маданияты / К.М. Матеева // КМУнун жарчысы: [Эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары]. – 2013.– 79-82-б.
7. Матеева, К.М. Адат укукту иликтөөгө карата теориялык мамилелер [Текст] / К.М. Матеева // КРСУнун жарчысы. – 2015. – 15-т., №1. – 31-35-б.
8. Матеева, К.М. Кыргыздардын Россия мамлекетинин курамындагы укуктук статусу [Текст] / К.М. Матеева // Заманбап илимдин жарчысы. – Волгоград, 2015. – №9. – 42-48-б.
9. Матеева, К.М. Адат укуктун теориялык негиздери [Текст] / К.М. Матеева // Заманбап илимдин жарчысы. – Волгоград, 2015. – №9. – 36-41-б.
10. Матеева, К.М. Кыргыздардын адат укугу: Тутум жана негизги булактар [Текст] / К.М. Матеева // Азыркы кездин гуманитардык проблемалары. – Бишкек, 2015. – 21-чыг. – 431-438-б.
11. Матеева, К.М. Эреже - кыргыздардын адат укугунун негизги булагы [Текст] / К.М. Матеева // Азыркы кездин гуманитардык проблемалары. – Бишкек, 2015. – 21-чыг. – 438 - 443-б.

**12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жанамамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга "XIX кылымдагы жана XX кылымдын башындагы кыргыздардын адат укугу боюнча калктын укуктук абалы" темасына Матеева Камила Мырзабековнанын диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ

**Урунттуу сөздөр:** укук, каада-салт, адат укук, укуктук абал, укуктук статус, калк, сословие, калктын социалдык түзүмү, урук, коомдук мамилелер, укук тутуму, укук институттары, укук ченемдери.

**Изилдөөнүн объекти** изилденип жаткан мезгилде кыргыз калкынын укуктук абалын жана алардын укуктарын ишке ашыруу процесси менен байланышкан коомдук мамилелер болуп саналат.

**Изилдөөнүн предметин** адат укуктун ченемдери, эреже, Россия империясынын мыйзамдык жоболору, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, архивдик материалдар жана изилденип жаткан мезгилдеги калктын укуктук абалын чагылдырган башка булактар түзөт.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты** XIX кылымдагы жана XX кылымдын башындагы кыргыздардын адат укугу боюнча калктын укуктук абалын комплекстүү тарыхый-укуктук талдоо болуп саналат.

**Изилдөөнүн методологиялык негизин** коомдук кубулуштарды жана процесстерди аңдап билүүнүн жалпы илимий диалектикалык усулу диссертациялык изилдөөнүн темасын талдоонун жана иликтөөнүн салыштырма-укуктук жана салыштырма-тарыхый, тутумдук-түзүмдүк, формалдык-юридикалык, ченемдик-логикалык жана башка усулдары түзөт.

**Диссертациялык изилдөөнүн алынган натыйжаларынын илимий жаңылыгы** ал ата мекендик укук таанууда XIX кылымдагы жана XX кылымдын башындагы кыргыздардын адат укугу боюнча калктын укуктук абалын комплекстүү тарыхый-укуктук изилдөө жүргүзүлгөн алгачкы адистешкен иштердин бири болуп саналгандыгында турат.

**Диссертациялык изилдөөнүн материалдарын пайдалануу даражасы:** Кыргыз Республикасындагы ар кайсы социалдык топтордун укуктук абалын өркүндөтүү боюнча берилген тарыхый-укуктук талдоо, тыянактар, практикалык сунуштамалар каралып жаткан проблеманы илимий тереңдетүү үчүн, ошондой эле практикалык иште пайдалуу болушу, укук колдонуу парктикасында жана окуу процессинде пайдаланылышы мүмкүн.

**Колдонуу жааты:** укуктун жана мамлекеттин теориясы, Кыргыз Республикасынын мамлекетинин жана укугунун тарыхы, саясий-укуктук окуулардын тарыхы.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Матеевой Камилы Мырзабековны на тему: «Правовое положение населения по обычному праву кыргызов XIX-начала XX вв» на соискание ученой степени кандидата юридических наук по специальности 12.00.01. – теория и история права и государства; история учений о праве и государстве.**

**Ключевые слова:** право, обычай, обычное право, правовое положение, правовой статус, население, сословие, социальная структура населения, род, общественные отношения, правовая система, институты права, нормы права.

**Объект исследования** являются общественные отношения, связанные с определением правового положения кыргызского населения и процесса реализации их прав и обязанностей в исследуемый период.

**Предмет исследования** составляют нормы обычного права, ереже, законоположения Российской империи, законодательство Кыргызской Республики, архивные материалы и иные источники, отражающие правовое положения населения в исследуемый период.

**Целью диссертационного исследования** является комплексный историко-правовой анализ правового положения населения по обычному праву кыргызов XIX - начала XX вв.

**Методологической основой исследования** составляют диалектический метод познания общественных явлений и процессов, сравнительно-правовой и сравнительно-исторический, системно-структурный, формально-юридический, нормативно-логический и другие методы анализа и изучения темы диссертационного исследования.

**Научная новизна полученных результатов диссертационного исследования** заключается в том, что оно представляет одну из первых специализированных работ отечественного правоведения, в которой проведено комплексное историко-правовое исследование правового положения населения по обычному праву кыргызов XIX – начала XX вв.

**Степень использования материалов диссертационного исследовния:** представленные историко-правовой анализ, выводы, практические рекомендации по совершенствованию правового положения различных социальных групп в Кыргызской Республике, могут быть полезными для углубления научного понимания рассматриваемой проблемы, а также могут быть использованы в законодательной деятельности, в правоприменительной практике и в учебном процессе.

**Область применения:** теория права и государства, история государства и права Кыргызской Республики, история политико-правовых учений.

## THE SUMMARY

**on thesis research of Kamila Mateeva titled «Legal status of population according to Kyrgyz customary law of XIX – beginning of XX century» in acquiring degree of candidate of juridical science on a specialty 12.00.01. – the theory and history of the law and state; the history of doctrine of law and state.**

**Key words:** rights of individuals, custom, customary law, legal status, social structure of population, social relations, legal system, institutions of law, legal norms.

**The object of thesis research**: social relations connected with defining of legal status of Kyrgyz population and the process of realization of their rights and duties in the researched period of time.

**Subject of thesis research**: legal norms of customary law, statues of Russia Empire, statutes of the Kyrgyz Republic, archive

materials and other sources, reflecting legal status of Kyrgyz people during period of examination.

**Goal of thesis research**: complex historical and legal analysis of legal status of population according to Kyrgyz customary law XIX – beginning of XX century.

**Research Methodology:** common, dialectical method of learning of social understandings and the processes, comparative-legal and comparative historical analysis, regulatory-logical, normative-logical and social methods of research.

**Scientific novelty of the results of thesis research** is based on the fact that current dissertation research is considered to be one of the first works of national jurisprudence, where there was performed historical-legal research on the legal status of population according to the Kyrgyz customary law XIX – beginning of XX century.

**Areas of recommendation for use:** Research results including historical-legal analysis, conclusions and recommendations in development of different social groups in the Kyrgyz Republic, could be used in legislative practice, regulatory practice so as for the educational purposes.

**Application field:** Theory of law and state, History of state and law of the Kyrgyz Republic, History of politics and law doctrines.